**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ЖАЛАЛ-АБАД ШААРДЫК ДЕПУТАТТАР КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**ЖАЛАЛ-АБАДСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

**«15»-август 2025-жыл**

**Х чакырылыш**
**кезексиз XII сессия**

**ТОКТОМ №2 ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**Электр жабдууларды Жалал-Абад электр тармактар ишканасынын балансына өткөрүп берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндөгү" мыйзамына ылайык, Жалал-Абад шаарынын мэриясынын 12.08.2025-жылдагы №01-18/4984 сандуу катты шаардык кеңештин 14.08.2025-жылдагы кеңейтилген жыйынында карап чыгып, жыйындын корутундусуна ылайык, Жалал-Абад шаардык депутаттар кеңешинин кезексиз XII сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Жалал-Абад шаарынын Пушкин көчөсүнүн №150а дарегинде жайгашкан Россия Федерациясы тарабынан куруулучу мектептин электр мамычаларын жана аба чубалгыларын Жалал-Абад электр тармактар ишканасынын балансына өткөрүп берүүгө макулдук берилсин.
2. Электр жабдууларды Жалал-Абад электр тармактар ишканасынын балансына мыйзам чегинде өткөрүп берүү жагы Жалал-Абад шаарынын мэрине (Э.Ормоков),
3. Жалал-Абад шаарынын мэриясынын Капиталдык курулуш департаментинин башчысына (Мамаджан у А.) милдеттендирилсин.
4. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине мамлекеттик реестрге киргизүүгө жиберүү жагы шаардык кеңештин жооптуу катчысына (Г.Осмонова) милдеттендирилсин.
5. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин жерди пайдалануу, архитектура, турак-жай, муниципалдык менчик боюнча туруктуу комиссиясына милдеттендирилсин.
6. Ушул токтом Жалал-Абад шаарынын www.jalal-abad.gov.kg расмий сайтында жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Төрага Турдубеков О.Т.**